Макулдашылды :
Профсоюз уюмунун
жетекчиси менен
__________________
Б. Чултанова
__________________

Бекитилди :
Директор:
__________________
Ш. Карырова
__________________

# ДИРЕКТОРДУН АДМИНИСТРАТИВДИК ЧАРБАЛЫК БӨЛҮГҮ БОЮНЧА ОРУН БАСАРЫ ҮЧҮН ЭМГЕКТИ КОРГОО БОЮНЧА КЫЗМАТТЫК ИНСТРУКЦИЯ

Техникалык коопсуздук боюнча киришүү инструктажы .

## ЭМГЕК КООПСУЗДУГУ БОЮНЧА ИНСТРУКТАЖДЫН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ .

Эмгек жөнүндөгү мыйзамда жумушчулардын жана кызматкерлердин негизги милдеттеринин бири болуп , эмгекти коргоо , техникалык коопсуздук жана өндүрүштүк санитариянын талаптарын сактоо болуп эсептелет деп айтылган . Ушуга байланыштуу Сиздин ишиңиз коопсуз жана ден соолугуңузга зыянсыз болушу үчүн ошол талаптар менен таанышуу зарыл . Ушул максатта бардык кайра ишке кабыл алынгандарга билимине , кесиби боюнча иш стажына жана кызматына карабастан эмгек коопсуздугу боюнча киришүү инструктажы өтүлөт . Ушул методикалык колдонмону көңүл коюп үйрөнүп , Сиз бардык коргоонун негизги талаптарын билип аласыз , пайда болгон суроолорго Сизге эмгекти коргоо кызматынын жетекчиси жооп берет . Сиздин кесибиңизге (кызматыңызга) тиешелүү эмгек коопсуздугунун негизги талаптары менен Сиз кызматта жумуш ордундагы баштапкы инструктаждан өтүүдө таанышасыз . Ошентип , киришүү инструктажынын негизги максаты Сизди эмгек жөнүндөгү закондун негизги жоболору жана эмгекти коргоонун талаптары менен тааныштыруу болуп эсептелет .

## ЭМГЕКТИ КОРГОО ЖААТЫНДАГЫ НЕГИЗГИ ТЕРМИНДЕР , АНЫКТАМАЛАР ЖАНА ТҮШҮНҮКТӨР .

"Эмгекти коргоо" , "техникалык коопсуздук", "өндүрүштүк санитария"- деген эмне , алар кандай маселелерди чечишет ? Эмгекти коргоо дегенде закон чыгаруу актыларынын системасы , социалдык – экономикалык , уюштуруучулук , техникалык , гигиеналык жана дарылоо прфилактикалык адамдын ден соолугун жана ишке жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуучу иш чаралар жана каражаттарды түшүнүүгө болот . Жөнөкөйлөтүп айтканда , эмгекти коргоо ар бир иштеп жаткан адам үчүн коопсуз жана зыянсыз эмгек шарттарын түзүүгө багытталган . Иш учурунда Сизге түрдүү коркунучтуу жана зыяндуу өндүрүштүк факторлор жаман таасирин тийгизиши мүмкүн . Бул эмне деген факторлор жана эмне үчүн алардын бири коркунучтуу деп аталса, башкалары зыяндуу деп аталат ? Коркунучтуу өндүрүштүк факторлор – бул иштеп жаткан адамга анык бир шарттарда жаракат алууга , же ден соолугунун кокусунан кескин начарлашына алып келүүчү факторлор . Аларга төмөнкүлөр кирет : мисалы , транспорт ; жогорку тайгалануу (нымдуулуктан , майланышкандан , жер үстү тоңгондон) ; жумуш орундун бийиктикте жайланышып калышы , электр тогу анын замыканиеси адамдын денеси аркылуу өтүшү мүмкүн , атайын суюктуктардын составына кирүүчү жана адамдын организмине түшүүчү уулуу химиялык заттар д.у.с. Коркунучтуу факторлордун таасиринин жыйынтыгында адамдардын жаракат алуусунун алдын алып эскертүү үчүн коопсуздук техникасы бар . Коопсуздук техникасы дегенде иштеп жаткандарга коркунучтуу өндүрүштүк факторлордун таасир этишин болтурбай коюучу техникалык каражаттардын жана уюштурулган чаралардын системасын түшүнөбүз . Коркунучтуу факторлордон зыяндуу факторлор эмнеси менен айырмаланат ? Зыяндуу өндүрүштүк факторлор – бул ушундай факторлор - алардын иштеп жаткан

адамга тийгизген таасиринин негизинде ооруга же иш жөндөмдүүлүгүнүн төмөндөшүнө алып келүүчү факторлор . Зыяндуу факторлорго төмөнкүлөр кирет : жумушчу орундун жетишерлик жарытылбаганы , тополоңдун жогорку деңгээли , электромагниттик нурдануулар , абанын газдашышы жана чаңдашышы д.у.с. Ооруунун , ошондой эле кесиптик ооруунун алдын алуу үчүн өндүрүштүк санитария бар , ал иштеп жаткандарга өндүрүштүк факторлордун таасирин азайтуучу же болтурбай коюучу техникалык каражаттардын жана уюштурулган иш чаралардын системасын өзүнө камтып турат . Ошентип , коопсуз жана сергек эмгек шарттары – бул шарттар ушундай шарттар , мында иштеп жаткандарга коркунучтуу жана зыяндуу өндүрүштүк факторлордун таасири жок деп айтууга болот .

## ЭМГЕКТИ КОРГОО ЖӨНҮНДӨГҮ МЫЙЗАМДЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ .

Сиздин коопсуз жана сергек эмгек шарттарына укугуңузду камсыз кылуучу эмгек жөнүндөгү мыйзамдардын Кодекси бар , ал эмгекти коргоо жаатында негиз салуучу мыйзамдуу документ болуп саналат . Уюмга ишке кабыл алуусун сурап арыз берип жатып , ошону менен бирге эле сиз эмгек келишимин түзөсүз.Анын маңызы юридикалык көз караштан төмөнкүдө : Эмгек келишими бул Сиз менен уюмдун ортосундагы келишим , бул келишимдин негизинде Сиз анык бир адистик , квалификация же кызмат боюнча ички эмгектик бөлүштүрүүгө баш ийүү менен жумуш аткарууга милдеттенме аласыз . А уюм болсо Сизге айлык акы төлөп берүүгө жана эмгек жөнүндөгү мыйзамы , коллективдик келишим , жактардын макулдугу тарабынан каралган эмгек шарттарын камсыз кылат . “Коллективдик келишим “- деген жаңы түшүнүк пайда болгонуна байланыштуу бул эмне экендигин түшүндүрүп кетүү керек . Коллективдик келишим жылына уюмдун профсоюз комитети тарабынан эмгек коллективинин атынан администрация менен түзүлөт .Коллективдик келишим эмгек маселелери , айлык акы , жумуш убактысы , эс алуу убактысы , эмгекке төлөө системасы жана материалдык стимул , эмгекти коргоо жана башка экономикалык жана уюмдун өнүгүүсүнүн социалдык маселелери боюнча негизги жоболорду камтыйт .Иш процессинде пайда боло турган Сиздин бардык сунуштарыңыз коллективдик келишимдин проектисине киргизилиши мүмкүн . Эми Сиздин жана администрациянын укук жана милдеттерине келсек - администрация Сизден эмгек келишиминде шартталбаган ишти аткарууну талап кылууга укугу жок . Бул абал маанилүү болуп эсептелет , себеби кызматкерлер менен болгон бактысыз кырсыктар көбүнчө өзүнө тиешеси жок ишти аткарып жаткан учурда болуп өтөт . Сиздин эмгек жана эс алуу режимиңиз ички эмгектик бөлүштүрүүдөн , Сиз иштей турган жердин кызмат өзгөчөлүктөрүнө карап аныкталат . Бирок мыйзамда орнотулгандай жумуш жана эс алуу убактысын регулировкалап туруучу жалпы принциптер бар . Нормалдуу жумуш убактысы жумасына 40 сааттан ашпоосу керек . Мындан тышкары кыскартылган жумуш убактысы орнотулган :

16 жаштан 18 жашка чейинки жактарга 36 саат ; 15 жаштан 16 жашка чейин – 24 саат ; - эмгектин зыяндуу шарттарында иштеген кызматкерлерге жумасына -36 саатка чейин . Орнотулган бир күндүк же бир жумалык жумуш убактысынын

киргизилиши мүмкүн , ошону менен жумуш убактысынын созулушу учеттук мезгил ичинде (айга , жылга) нормалдуу жумуш сааттарынан ашып кетпейт . Эгер Сиз алмашып иштөө(сменалык иш) орнотулган жерге кызматка кирип жаткан болсоңуз , анда Сиз алмашып иштөөчү кызматкерлер орнотулган жумуш убактысынын узактыгында гана иштеши керек экендигин билишиңиз керек . Бир сменадан экинчи сменага өтүү сменалык иштин графиги менен аныкталат . Сиздин эки смена катар иштөөгө дайындоого тыюу салынат . Орнотулган жумуш убактысынан ашыкча иштөө бул бөлүнгөн саатынан ашыкча болуп эсептелет . Бөлүнгөн сааттан ашыкча иштерге жол коюлбайт , себеби адамдын ашыкча чарчоосу оорууларга жана бактысыз кырсыктарга алып келет . Ар кандай учурда бөлүнгөн сааттан ашыкча иштер эки күн катар иштегенде төрт сааттан жана бир жылда 120 сааттан ашпашы керек . Мыйзам тарабынан Сиздин эмгек убактыңыз гана эмес , Сиздин эс алуу убактыңыз да орнотулган . Баарынан мурда дем алуу үчүн жана тамактануу үчүн узактыгы эки сааттан көп эмес танапис орнотуган . Танапистин башталышы жана аякташы ички эмгектик бөлүштүрүүнүн эрежелери менен аныкталат . Мындан тышкары , жумадагы дем алуу күнү орнотулган .Жумадагы үзгүлтүксүз дем алуунун узактыгы 40 сааттан кем болбошу керек .

Дем алыш күндөрү иштөөгө эреже боюнча тыюу салынат . Жылына Сизге кезектеги отпуска берилет . Кезектеги отпускадан тышкары , эгер иштеп жаткан мыйзам тарабынан каралган болсо зыяндуу шарттарда иштегендиги үчүн кошумча отпуска берилиши мүмкүн .

## АТАЙЫН КИЙИМ , АТАЙЫН БУТ КИЙИМ ЖАНА БАШКА ЖЕКЕЧЕ КОРГОНУУ КАРАЖАТТАРЫ .

Зыяндуу эмгек шарттарындагы иштерде , өзгөчө температурадагы шарттарда жүргүзүлө турган же булганыч иштер менен байланыштуу иштерде иштеген кызматкерлерге атайын кийим , атайын бут кийим жана башка жекече коргонуу каражаттары бекер берилет . Жекече коргонуу каражаттары деп , иштеп жаткан бир адамдын коопсуздугун камсыз кылуу үчүн дайындалган каражаттарды айтабыз . Атайын кийим жана атайын бут кийимден тышкары сактагыч курлар , диэлектрикалык килемчелер , колдун коргоо каражаттары (кол каптар ) , башты коргоочу (каскалар , шлемдер , шапкалар ), бетти (коргоочу маскалар , жеңил торчолор) , көздү (коргоочу көз айнектер) , угууну (шумга каршы шлемдер , наушниктер) , дем алуу органдарын (респиратор , противогаз ) , коргоочу дермотологиялык каражаттар(пасталар, кремдер , мазь) . Кызматкерлерге берилүүчү атайын кийим , атайын бут кийим жана башка жекече коргонуу каражаттары уюмдун менчиги болуп эсептелет да иштен бошогондо же башка ишке которулганда , кийүү мөөнөтү бүткөндө сөзсүз кайтарылып берилет . Жекече коргонуу каражаттары анык бир мөөнөткө берилет , кызматкерге берилген күндөн баштап эсептелет . Атайын кийим , атайын бут кийимдер көрсөтүлгөн мөөнөткө жетпей жараксыз абалга келип калган болсо , буга кызматкер күнөөлүү болбосо администрация же ремонт жасатып берет же

кырсыктарга алып келет .

## ИШТЕП ЖАТКАНДАРДЫ СҮТ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУ .

Авиаишканалардын кызматкерлери , эмгектин зыяндуу шарттарындагы эмгек менен алектенгендер жана атайын Тизмеде көрсөтүлгөн зыяндуу заттар менен тике байланышта болгондор бекер сүт же баалуулугу боюнча сүткө тең азыктар менен камсыз болушат . Бул кайсы максатта кылынат ? Сүт профилактикалык тамак азыгы болуп эсептелет , өндүрүштүк чөйрөдөгү жагымсыз факторлорго организмдин каршылыгын жогорулатат , адамдын организминдеги алмашуу процессин жана функциясын нормалдаштырат . Кайсы азыктар баалуулугу боюнча сүткө тең келет ? Андай азыктарга кефир (айран) ,простокваша , мацони ж.у.с. Сүттү берүү нормасы 0,5 литр бир сменада . Сүттүн ордуна акча берип коюуга , баалуулугу боюнча тең келе турган азыктардан башка азыктар менен алмаштырууга , бир нече смен мурда берип коюга жана өтүп кеткен сменаларга берүүлөргө жол коюлбайт .

## АЯЛДАРДЫН ЭМГЕГИН КОРГОО .

Аялдардын организминин физиологиялык өзгөчөлүктөрүн эсепке алып , эмгек жөнүндөгү мыйзамда аялдардын эмгегин коргоо маселелерин регламенттейт . Ошондой маселелерге төмөнкүлөр кирет : - оор жана зыяндуу шарттагы иштерде аялдардын эмгегин колдонууга тыюу салынат ;
-аялдар үчүн жүктөрдү көтөрүүдө жана оор нерселерди кол менен бир жерден экинчи жерге жылдыруу боюнча уруксат этилген Нормалардын чеги орнотулган . Мисалы , жумуш сменасында дайыма оор жүктөрдү ташуу же жылдыруу – 7кг; башка иш менен алмашып турган иште (1 саатта 2 жолуга чейин) -10 кг; - боюнда бар , бала эмизген , ошондой эле эки жашка чейинки баласы бар аялдарды түнкү командировкасы бар иштерге тартууга тыюу салынат ; - эки жаштан сегиз жашка чейинки баласы бар аялдар бөлүнгөн сааттан ашыкча иштерге тартылбайт жана командировкаларга өздөрүнүн макулдугусуз жөнөтүлбөйт ; - боюнда бар аялдар же бир жарым жашка чейинки балдары бар аялдар ушул мезгилге башка кыйла жеңилирээк, коркунучтуу жана зыяндуу өндүрүштүк факторлордун жагымсыз таасирлери жок ишке которулушат ; бир жарым жашка чейинки балдары бар аялдарга, жалпы эс алуу жана тамактануу үчүн берилген танапистен тышкары баланы тамактандыруу үчүн кошумча танапис берилет . Жогоруда саналып кеткен маселелер менен аялдарга бериле турган жеңилдиктер түгөгөн жок .

## ЖАШТАРДЫН ЭМГЕГИН КОРГОО .

18 жашка толо элек жактар , эмгек мамилелеринде жашы жеткен кызматкерлерге теңделет , а эмгекти коргоо жаатында , жумуш убактысында , отпуск жана башка кээ бир эмгек шарттарында жеңилдиктерден пайдаланышат. Жашы жете электердин организминин физиологиялык өзгөчөлүктөрүн эсепке алып , жумушка 16 жаштан кабыл алынышат .Кээ бир учурларда өндүрүштүк окутуунун зарылдыгы менен байланыштуу же үй бүлөлүк абалдар менен байланыштуу өспүрүм 15 жаштан ишке алынышы мүмкүн . 18 жашка чыкпаган жактар алдын ала медициналык кароодон өткөндөн кийин гана кабыл

алынышат жана андан ары 18 жашка чыкканга чейин жылына милдеттүү медициналык кароодон өтүп турушат . Оор жана зыяндуу же коркунучтуу эмгек шарттары менен жумуштарда жаштардын эмгегин колдонууга тыюу салынат . Жашы 18ге толо элек кызматкерлерди түнкү жана бөлүнгөн сааттан ашыкча иштерге жана дем алыш күндөрүндөгү жумуштарга тартууга тыюу салынат . 16 жаштан 18 жашка чейинки өспүрүмдөр үчүн жүктү кол менен ташуу нормаларынын чеги орнотулган : - жаш жигиттер үчүн - 16,4 кг; кыздар үчүн - 10,25 кг ; 18 жашка чейинки кызматкерлерге жылдык отпуск алардын каалоосу боюнча , жылдын төрт мезгилинин кайсынысында болсо бериле берет .

**БАКТЫСЫЗ КЫРСЫК УЧУРУНДА ИШТЕП ЖАТКАНДАРДЫН АРАКЕТТЕРИ .**

Өндүрүштөгү бактысыз кырсыктарды өз убагында жана туура изилдөөлөрдү жүргүзүү жана учетко алууда администрациянын милдеттери эмгек жөнүндөгү мыйзамда каралган .Өндүрүштөгү ар бир бактысыз кырсык жөнүндө жапа чегүүчү же көргөн адам смена ичинде тике жетекчиге кабар кылууга милдеттүү . Үч сутканын ичинде комиссия бактысыз кырсыктын себептерин изилдеп , кызматкердин эмгекке жарамдуулугун жоготуусуна себеп болгон өндүрүштүк бактысыз кырсык тууралуу бир күндөн кечиктирбей Н-1 формасында акт түзөт . Уюмдун администрациясы жапа чегүүчүгө же анын кызыкчылыктарын коргоочу жакка бактысыз кырсык жөнүндөгү Н-1 формасындагы актты ал боюнча изилдөөлөр бүткөн моменттен үч күндөн кечикпей бериши керек .
Эгер бактысыз кырсыктын же кесиптик оорунун жыйынтыгында кызматкерге майыптык же кесиптик эмгекке жарамдуулугун жоготкондугу боюнча процент коюлган болсо жана ошонун негизинде мурдагы айлык акысынан айрылган болсо , кызматкер кеткен чыгымды төлөтүп алууга акысы бар .

**ЭМГЕКТИ КОРГОО ЖӨНҮНДӨГҮ МЫЙЗАМДЫН САКТАЛЫШЫН КӨЗӨМӨЛДӨӨ .**

Эмгекти коргоо жөнүндөгү мыйзамдын сакталышын көзөмөлдөөнүн максаты, ишканада иштеп жаткандардын эмгек коопсуздугун жана шарттарын текшерүү , эмгекти коргоо боюнча ченемдерден , эрежелерден жана башка ченемдик документтердин стандарттарынын талаптарынан четтөөлөрдү аныктоо , эмгекти коргоо жаатында кызматтар жана уюмдардын бөлүмдөрү өздөрүнүн милдеттерин аткарып жаткандыгын текшерүү , аныкталган кемчилдиктерди четтетүү боюнча эффективдүү чараларды кабыл алуу жана аварийлардын , бактысыз кырсыктардын , кесиптик оорулардын алдын алуу болуп эсептелет .
Эмгети коргоону көзөмөлдөөнүн төмөнкүдөй түрлөрү бар :
-административдик көзөмөл , бардык деңгээлдеги жетекчилер жана жоопту кызматтык жактар тарабынан иш жүзүнө ашырылат (электр чарбасы үчүн , жүк көтөрүүчү машиналар , атайын суюктуктарды сактоо жана берүү , өрт коопсуздугу д.ү.с.) .- административдик – коомдук үч баскычтуу көзөмөл , администрация профсоюз уюму менен биргеликте иш жүзүнө ашырат ; көзөмөлдүн деңгээлинин санына карап үч баскычтуу деп аталат : биринчи баскыч – сменада , бригадада , участкада , объектте ; экинчи баскычта – цехте , кызматта ; үчүнчү баскычта – уюмда ;- эмгекти коргоо кызматы тарабынан ишке ашырылган көзөмөл .

## ЭМГЕКТИ КОРГОО ТАЛАПТАРЫНЫН АТКАРЫЛБАГАНЫ ЖЕ БУЗУЛГАНЫ ҮЧҮН ЖООПКЕРЧИЛИК .

Эмгекти коргоо боюнча талаптардын бузулушуна же аткарылбаганы үчүн милдеттүү адамдар жана уюмдун башка кызматкерлери тартиптик , административдик , материалдык жана кылмыш жоопторуна тартылышат . Тартиптик айыпка төмөнкүлөр кирет: эскертүү , сөгүш , катуу сөгүш , үч айлык мөөнөткө айлык аз төлөнүүчү ишке которуу , иштен бошотуу . Административдик жоопкерчиликке күнөөлүү кызматтык жактар элдик сот , мамлекеттик көзөмөл органы , техникалык жана укуктук инспекторлор тарабынан жоопкерчиликке штраф түрүндө тартылышат . Кызматкер өзүнүн эмгектик милдеттерин аткарып жатып , майыптык алган болсо же ден соолугуна зыян жеткен болсо , ал зыян үчүн уюм материалдык жоопкерчиликти мойнуна алат .

Кылмыш жоопкерчилиги Кылмыш кодекси тарабынан каралган .Эмгекти коргоо мыйзамынын бузулушунда кылмыш аракеттеринин белгилери болсо , мындай учурларда кылмыш жоопкерчилиги каралат . Жоопкерчиликтин мүнөзү жана оордугу тартип бузуунун конкреттүү себептерине карап аныкталат .

## УЮМДУН ТЕРРИТОРИЯСЫНДАГЫ КОРКУНУЧТУУ ЗОНАЛАР .

Жумуш аткаруу процессинде же уюмдун территориясында ары – бери басып кыймыл жасаган учурда Сиз бир нече убакыт коркунучтуу зоналарда жайгашып калышыңыз мүмкүн . Коркунучтуу зона – бул Сизге коркунучтуу же зыяндуу өндүрүштүк факторлор (алар жөнүндө мурда айтылды) таасир эте турган мейкиндик . Жаракат алуунун себептери болуп көбүнчө мүдүрүлүп кетүү ,басып баратып тайгаланып кетүү болуп эсептелет . Ошондуктан территорияда ары – бери басып кыймыл жасаган учурда төмөнкү этияттык чараларын сактоо керек : басып бара жатканда бардык нерсеге көңүл буруп , айлана – чөйрөдөгү өзгөрүүлөргө көзөмөл салуу керек , айрыкча татаал метеорологиялык шарттарда (мисалы , жамгыр , туман , кар , муз д.у.с.) жана сутканын караңгы мезгили . Жогорку коркунучтагы зоналарда болгон учурда өзгөчө этияттыкты сактоо керек (жүктөө – түшүрүү иштери , жердин үстүнүн түз эмес жана тайгалак жерлеринде) .

## ЖҮКТӨӨ - ТҮШҮРҮҮ ИШТЕРИНДЕГИ ЭТИЯТТЫК ЧАРАЛАРЫ .

Түрдүү кызматтардын , бөлүмдөрдүн кызматкерлерин , айрыкча эркектерди, бир жолку жүктөө же түшүрүү иштерине тартышат , бүлбактысыз кырсыктардын тез – тез жолугуп туруучу себептеринин бири болуп эсептелет, анткени жүктөө – түшүрүү иштери “жогорку коркунучтагы”категорияга кирет . Ушуга байланыштуу ташуунун жана оор жүктөрдү бир жерден экинчи жерге жылдыруунун ченемдик нормалары бар экендигин билип коюу керек . Жүктү кол менен көтөрүп , бир жерден экинчи жерге жылдырууда , 25 метрге чейинки аралыкка жүктүн эң көп оордугу 18 жаштан жогору бир эркек кишиге 50 кг уруксат этилет . Жүктөө – түшүрүү иштеринде жаракат алуу негизинен жүктүн бутка түшүп кетүүсүнөн же колду жүктүн басып калышынан, кесип кетишинен , катуу тийишинен болот . Эгер Сиз бактысыз кырсыктан алыс болууну кааласаңыз , анда колду коргоо үчүн кол каптарды пайдаланыңыз жана мындан тышкары бригаданын

бири - бири менен урунуусунан сактоо үчүн жыгачтар коюлат же резина шакекчелер коюлат , иштеткенде тике турган абалда бышыктап коюлат . Кислороддуу баллондор майлар менен бириккенде жогорку жарылууга жакын болоорун эстен чыгарбоо керек . Кислороддуу баллонду башка газдуу баллондордон кантип айырмалоо керек ? Ушул максатта баллондорго атайы боек жана жазуулар киргизилген . Мисалы , кислороддуу баллондор дайыма көгүлүр түскө боелот .

## ЭЛЕКТР КООПСУЗДУГУ .

Жаракатты анализдегенде көрсөтүп тургандай , электр тогунан алынган жаракаттын саны салыштырмалуу анча чоң эмес , бирок электр жаракатынан өлүм менен аяктаган учурлар көп . Электр тогунан жаракат алуу коркунучу төмөнкүлөрдүн эсебинен тереңдейт :

-токтун сырткы белгилери жок жана адам аны алдын –ала байкай албайт ;

- электр жаракатын алган кезде маанилүү жашоо системалары бузулат (жүрөк – кан тамыр , дем алуу , нерв ) ;

- адам өз алдынча электр өткөргүчүнөн ажырай албай калганда , булчуңдардын судорогасы кое бербей турган эффектке алып келет ;

Электр жаракатынын негизги себептери болуп төмөнкүлөр эсептелет :

-Чыңалуу астында ток алып жүрүүчү бөлүктөргө тийип кетүү (өткөргүчтүн ачык жерлерине , рубильникке , лампочка патрондоруна ) ;

- Оң эмес электр инструменттер менен иштеген учурда; - электр жабдууларынын ток алып жүрбөөчү, кокусунан чыңалуу астында туруп калган бөлүктөрүнө тийип кетүү(электр орноткучунун корпусуна) ;

- электр жаасын түзүүчү кыска замыкание .

Электр жаракатынын алдын алуунун көптөгөн жолдору бар , бирок баарынан жеткиликтүү жолу болуп , жекече коргонуу каражаттары болуп эсептелет , аларга : резина кол каптары , резина бут кийим , резина килемчелер , диэлектрикалык (ток өткөрбөй турган ) саптары бар аспаптар .

Эгер Сиздин көз алдыңызда электр тогунун таасири менен байланыштуу бактысыз кырсык болуп өткөн болсо , анда Сиздин аракетиңиз төмөнкүлөр болушу керек : баарынан мурда өзү ошол чыңалууга кабылып калбагандай иш аракет жасоо керек . Эң башкысы электр орноткучун өчүрүү керек , эгер мунун мүмкүнчүлүгү болбосо , жапа чегүүчүнү кийиминин этегинен тартып , эгер кургак болсо , ток алып жүрүүчү бөлүктөрдөн ажыратууга аракет жасоо , же жыгач таяк менен электр өткөргүчүн андан алып ыргытуу керек .

Эгер жапа чегүүчү эсине келген болсо , врач келгенге чейин ага тынчтыкты камсыз кылуу керек же медпунктка алып баруу керек .

Эсин жоготкон болсо , бирок дем алуусу сакталып турса , анда жапа чегүүчүнү төшөнчүгө жаткырып , таза аба киришин камсыз кылуу , түймөлөрүн чечүү керек

-Эгер тирүүлүктүн белгилери жок болсо , анда жасалма дем алдыруу жана жүрөгүнө массаж жасоо керек .

## КООПСУЗДУК БЕЛГИЛЕРИ .

Сиз уюмда негизги коркунучтуу зоналар жана уюмда болуп тура турган коркунучтуу өндүрүштүк факторлор менен тааныштыңыз . Эми практика

жүзүндө сиздин көңүлүңүздү тике коркунучтарга буруу үчүн , мүмкүн боло турган коркунучтун алдын алуу үчүн , Сизге зарыл маалыматты Сиздин коопсуздугуңузду камсыз кылуу максатында атайын белгилер иштелип чыккан . Бул белгилер Сиздин бара турган жериңиз боло турган коркунуч менен байланыштуу жерлерге , ошондой эле коркунучтун булагы болуп эсептелген жабдууларга коюлат . Коопсуздук белгилери дарбазаларга же кирүүчү эшиктерге коюлган болсо , коркунучтуу зона бардык жайды камтыган болот . Коопсуздук белгилери төмөнкүдөй болуп бөлүнөт : тыюу салуучу , эскертүүчү , көрсөтүүчү жана буйрук иретиндеги белгилер .

## ЖЫЙЫНТЫК .

Ушуну менен эмгекти коргоо боюнча киришүү инструктажы бүттү .
Эгер сиз анын мааниси менен жакшылап таанышып чыккан болсоңуз , эми сиз уюмдагы эмгекти коргоо жөнүндө негизги түшүнүктөрдү алдыңыз . Жаракат алуу жөнүндөгү статистикалык маалыматтарды изилдөөдө, өндүрүштө болгон бактысыз кырсыктардын 85 – 90 % адам өзү тикеден – тике кандайдыр бир даражада күнөөлүү болуп чыккандыгы аныкталган . Бирок Сиз узак жылдар жаракат албай иштейсиз деп ишенебиз , ошондой эле эмгекти коргоо боюнча жумушчулар өндүрүштүк жумуш процессинде жана инженердик – техникалык кызматкерлер тарабынан техникалык инструктаж өтүүдө пайдаланат деп үмүт кылабыз . Аткарыла турган иштин өзгөчөлүгүнө карап , ар бир уюм ушул инструкцияга зарыл болгон өзгөртүүлөрдү жана кошумчаларды киргизүүсү керек . Ошондон кийин ар бир инструкция профсоюз комитети жана уюмдун жетекчиси тарабынан бекитилиши керек .

...ыков орто мектебинин 2019-2020 окуу жылына карата иштеп жаткан мугалимдердин
...к коопсуздук эрежелерин сактоосу жөнүндө маалымат

| | Ф.И.О. | Аткарган кызматы адистиги | Сабактын өтүлгөн убагы | [illegible] |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Ташбаева Турсун | Директор | 17.09 | |
| 2. | Маманова Букадича Аттокуровна | ОББ информ | 17.09.19 | |
| 3. | Орозова Айнура Рахманкуловна | ТИУ Англис тил | 17.09.19 | |
| 4. | Акматова Рахат | Соцпедагог музыка | 17.09.19. | |
| 5. | Кадырова Шарапат Насыровна | Адеп | 17.09.19 | |
| 6. | Абдукадыров Абдували Паязович | Кыргызт т | 17.09.19. | |
| 7. | Жумабаева Зейнеп Абдиевна | Матем | 17.09.19. | |
| 8. | Кахарова Гулнара | Кыргыз тил | 17.09.19. | |
| 9. | Парпиев Мыктыбек Төрөканович | Кырг т | 17.09.19. | |
| 10. | Абдирасул кызы Зирегүл | Кыргыз т | 17.09.19. | |
| 11. | Анарбаева Алтынай Маматалиевна | Орус т | 17.09.19. | |
| 12. | Карабалаева Бегайым Дадыевна | Орус т | 17.09.19. | |
| 13. | Сатиева Мастура Зайниловна | Англис т | 17.09.19. | |
| 14. | Жунаев Токтогул Мамирасулович | Матем | 17.09.19. | |
| 15. | Султанова Бусайра Козуевна | Матем | 17.09.19. | |
| 16. | Мурзабабаева Мукарам Кимсановна | Матем | 17.09.19 | |
| 17. | Бегалиев Асылбек Каримбубаевич | Физик | 17.09.19. | |
| 18. | Рыскулова Замира Арзиматовна | Физик | 17.09.19 | |
| 19. | Мамашева Канымбүбү Каримбаевна | Физика | 17.09.19 | |
| 20. | Ормокеев Булашбай | Технология | 17.09.19. | |
| 21. | Сатишов Асилбек Раимбекович | География | 17.09.19 | |
| 22. | Ураимова Рахат Кыязовна | Тарых | 17.09.19. | |
| 23. | Рысбаева Айкөкүл Абдикеримовна | Тарых | 17.09.19 | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 24. | Жакшыбаева Чинаркан Тешабаевна | Химбиолог | 17.09.19. | |
| 25. | Казбек к Айпери | Химбиолог | 17.09.19. | |
| 26. | Абдыкасымов Нуркамил Маматкаримович | Дене тарбия | 17.09.19 | |
| 27. | Касиева Асел Темирхановна | б/класс | 17.09.19. | |
| 28. | Жумабаева Гулипа Токтосуновна | б/класс | 17.09.19. | |
| 29. | Омуралиева Бусаракан Аманбаевна | б/класс | 17.09.19. | |
| 30. | Мурзабекова Жылдызкан Сатвалдиевна | б/класс | 17.09.19. | |
| 31. | Кыдыева Махабат Камчыбековна | б/класс | 17.09.19. | |
| 32. | Жумагулова Мисират Закировна | б/кл орус т | 17.09.19. | |
| 33. | Ниязалиева Гүлбарчын Сейитбековна | б/класс | 17.09.19. | |
| 34 | Аширова Нургул Маматжакыповна | башт кл | 17.09.19 | |
| 35. | Самиева Айжамал Кадыровна | башт.кл | 17.09.19 | |
| 36. | Абдисаламова Бегимай | Англ тил | 17.09.19 | |
| 37. | Момунова Жалилахан Аширбековна | китепканачы | 17.09.19. | |
| 38. | Кененова Айнагул Мырзапаязовна | Башт | 17.09.19. | |
| 39. | Сакеева Малика Аскербековна | Орус тил | 17.09.19. | |

Мектеп директору Т.Ташбаева .